**УДК:371.3:47 https://doi.org/10.56122/..v2i2.255**

# ҮЙ-БҮЛӨДӨ БАЛДАРДЫ АДЕПТҮҮЛҮККӨ ТАРБИЯЛООДО ЖАЗАЛООНУН РОЛУ
# РОЛЬ НАКАЗАНИЯ В ВОСПИТАНИИ НРАВСТВЕННОСТИ ДЕТЕЙ В СЕМЬЕ
# THE ROLE OF PUNISHMENT IN THE EDUCATION OF CHILDREN'S DECENCY IN THE FAMILY

Умарова Рита Нурдиновна, п.и.к., доцент ОшМПУ
Umarovarita@bk.ru
Orcid: https://orcid.org/0009-0002-9780-6424

**Аннотация.** Ата-энелер балдарын тарбиялоодо көбүнчө жазалоону да пайдаланышат. Балдарды тарбиялоодо жазалоону колдонуу керекпи, тарбиялоо ишине колдонуунун педагогикалык маңызы эмнеде жана балага кандай таасир этет, ата-энелердин көңүлүн өзгөчө бура турган маселелердин бири ушул. Балдарды кол менен уруп жазалоо кеминде дүйнөдөгү 44 өлкөдө мыйзам менен тыюу салынган. Балдардын денесине зыян келтирүүгө каршы биринчи болуп мыйзамды 1979-жылы Швеция кабыл алган. Ал эми биздин өлкөдө балдарды ата-энелер какыс-кукус кылып, кол менен сабап жаткан көрүнүштөр коомдо катуу талкууларга жем таштап келе жатат. Айрымдар балага кол көтөрүүгө болбойт десе, айрымдар ата-бабалардан келе жаткан ыкма, тартипке чакыруу үчүн "камчылап" койсо болот дейт.
Ал эми кайсы бир үй-бүлөлөрдөгү адатка айланган «жазалоолорго кандай мамиле жасоо керек? Баланы жазага тартпай тарбиялоого болобу? Бул макалада ата-энелер үй-бүлөдө балдарды адептүүлүккө тарбиялоодо жазалоонун ролу жөнүндө сөз болот.

**Негизги сөздөр:** Үй-бүлө, ата-эне, жазалоо, тарбиялоо, балдар.

**Аннотация.** Родители также часто используют наказание при воспитании своих детей. Следует ли применять наказание в воспитании детей, в чем педагогическая сущность применения наказания в воспитательной работе и как оно влияет на ребенка,-это один из вопросов, который может привлечь особое внимание родителей.
Наказание детей ударами руками запрещено законом как минимум в 44 странах мира. Швеция приняла первый закон против телесных повреждений детей в 1979 году. А в нашей стране сцены, в которых родителей избивают и избивают детей руками, оставляют корм для ожесточенных дискуссий в обществе. Некоторые говорят, что ребенку нельзя поднимать руки, в то время как другие говорят, что метод, который исходит от предков,-это "хлестать", чтобы вызвать дисциплину. А как следует относиться к «наказаниям", которые являются обычным явлением в некоторых семьях? Можно ли воспитывать ребенка без наказания? Эта статья расскажет родителям о роли наказания в воспитании детей в семье.

**Ключевые слова**: семья, родитель, наказание, воспитание, дети.

**Abstract.** Parents also often use punishment when raising their children. Whether punishment should be used in the upbringing of children, what is the pedagogical essence of the use of punishment in educational work and how it affects the child is one of the issues that can attract the special attention of parents. Punishing children with punches is prohibited by law in at least 44 countries around the world. Sweden passed the first law against child injury in 1979. And in our country, scenes in which parents are beaten and children are beaten with their hands leave fodder for fierce discussions in society. Some say that a child should not raise his hands, while others say that the method that comes from the ancestors is to "whip" to induce discipline.
And how should we treat the "punishments" that are commonplace in some families? Is it possible to raise a child without punishment? This article will tell parents about the role of punishment in raising children in the family.

**Key words:** family, parent, punishment, upbringing, children.

Ата-энелер балдарын тарбиялоодо көбүнчө жазалоону да пайдаланышат. Балдарды тарбиялоодо жазалоону колдонуу керекпи, тарбиялоо ишине колдонуунун педагогикалык

маңызы эмнеде жана балага кандай таасир этет, ата-энелердин көңүлүн өзгөчө бура турган маселелердин бири ушул.

Үй-бүлө – жубайлар, ата-энелер жана балдардын ортосундагы мамилелердин тарыхый конкреттүү системасы. Бул кичине топтун мүчөлөрү бири-бири менен нике жана туугандык мамилелер, биргелешкен тиричилик жана өз ара моралдык жоопкерчилик менен байланышкан. [2;32]

Балдарды кол менен уруп жазалоо кеминде дүйнөдөгү 44 өлкөдө мыйзам менен тыюу салынган. Балдардын денесине зыян келтирүүгө каршы биринчи болуп мыйзамды 1979-жылы Швеция кабыл алган.

Ал эми биздин өлкөдө балдарды ата-энелер какыс-кукус кылып, кол менен сабап жаткан көрүнүштөр коомдо катуу талкууларга жем таштап келе жатат. Айрымдар балага кол көтөрүүгө болбойт десе, айрымдар ата-бабалардан келе жаткан ыкма, тартипке чакыруу үчүн "камчылап" койсо болот дейт.

Ал эми кайсы бир үй-бүлөлөрдөгү адатка айланган «жазалоолорго кандай мамиле жасоо керек? Баланы жазага тартпай тарбиялоого болобу? Бул суроого жооп бериш үчүн жаза дегенди кандай түшүнүү керектигин алып көрөлү. «Жаза» деген сөздүн эки мааниси бар: жазалоо жана чара көрүү. Жазаны тарбиялык жагынан алып караганда баланын ата-энесинин, мектептин жана адамдардын алдында өзүнүн иши, кылык-жоругу жана жүрүш-турушунун оңолушу үчүн жоопкерчилигин талап кылуучу чара деп түшүнүү керек. Бул жагынан алып караганда жаза ата-энелердин укугуна жана балдарга жетекчилик кылуучу системага кирет. Бирок жоопкерчиликти тарбиялоочу жазалоо жөнүндө сөз болгондо аны эч убакта тең укуктуулук үчүн көрүлгөн чара менен теңөөгө болбойт.

Бала тарбиялоодо “жаза” көмөкчү усул экендигине карабастан тарбия амалиятында көп колдонулат. Жаза туура колдонулса гана бала өзүнүн кылык-жоругуна канааттанбастан, андай нерсенин кайталануусуна жол койбоого далаалаттанат. Эгерде бул усул туура эмес колдонулса же ашыкча пайдаланылып кетсе, көп учурда баланын кыжырын келтирип, өчөштүрүп коюшу да ыктымал. Анда сөзсүз натыйжа тескери болот. Педагогикалык маданияты жогору ата-эне бул усулду өз орду менен пайдаланат же такыр эле өз практикасында колдонбойт. Жазалоону пайдаланбастан балдарды тарбиялоодо чоң ийгиликке жетишкен ата-энелер жана даанышман педагогдор көп. Я.Корчак, А.Макаренко, А. Сухомлинский, В.Волков, Ш. Амонашвили, Никитин ж.б. [3;41]

Өзүнүн уулуна жазган каттарынын биринде В.А. Сухомлинский, Уулум, мен бирөөгө бирөө кыйкырып опузалайт деген эмне, бирөөгө бирөө кол көтөрөт деген эмне экендигин адамдар билбей турган, алардын өз ара мамилелери мамыр-жумур болгон мезгилдин келишине ишенем. Андай мезгилдин келиши үчүн тарбиялоодо жазалоо эч качан колдонулбоого тийиш деген ойду баса белгилейт. Олуядай даанышман бабаларынын таалим, тарбия жөнүндөгү осуяттарын ыйык туткан биздин ата-бабаларыбыз балдардын жосунсуз жоруктарына атайын көрмөксөн болуп, жүрүш-туруштарынын жакшы жактарына айрыкча көңүл бөлүү менен эле алардагы “жакшы адам болсом”, “мени айлана-чөйрөдөгүлөр жакшы дешсе” деген талапты калыптандыра алышкан. Мындай илгери үмүт, ак ниет, аруу максат балдардын иммунитетине айланып калса, алардагы осол кылык-жоруктар өзүнөн өзү эле жоголо бериши мыйзам ченемдүү көрүнүш. [3;42]

Баланы жазалоого дене күчтөрүн колдонсо, эмне болот? Анда бала денесинин жабыркаганына жаны ачып, жазалаган ата-энесин жек көрүп калмак, анткени бирөөгө жакшы санаган адам аны урбайт, ал эми өзүнө салыштырганда чабал адамды дегеле уруу жарабайт. Ата-эненин уруп-согуусун башынан өткөргөн бала алардан алыстай баштайт. Мындай учурларда ата-эненин балага карата жана баланын ата-энеге карата болгон сүйүүсү жөнүндө айтып кереги жок. Ошол себептен кайсы бир үй-бүлөлөрдө баласын дайыма жазалагандыктан, ал тартипти бузууну уланта берет, анткени ал эрегишип алгандан кийин өз күнөөсүн сезбей калат жана сезгиси да келбейт. Ал эми ата-энеси болсо адатынча жазалай беришип, анын жаман кылык-жоругунун себебин билишпейт. Мында жазалоо өзүнөн-өзү тартипти бузууга

алып келет. Балдар дайыма мындай учурларда ата-энесинин кетирген катасын байкашып, аларды сыйлабай калышат.

Натыйжада жазалоонун мындай системасы баланы оңдомок тургай, улуулардын аларга карата болгон тарбиялык таасирин жоготот. Эгер иш жүзүндөгү шарттар же биздин аларга жеткире түшүндүрүүлөрүбүз аркылуу өспүрүмдү өз кылык-жоругун ойлоп көрүүгө мажбур кылсак жана ал өзүнүн туура эмес жана зыяндуу кылык-жоругу жөнүндөгү биздин талаптар же талкуулоолор менен макул болсо, анда ал өзү мындай кылык-жорукту оңдоого жол издөөчүлөрдөн болуп калат. Себеби, ал өзү сезимге, акыл-эске болгон таасирди жана андан ары жүрүш-турушту өзгөртүүгө далалат кылат. Бул учурда «жүрөктө күнөөлүүнү эмне менен жазалоо керек деген ата-энелердин алдында татаал маселе турат.

Биз көбүнчө тарбиялоого бирдей мамиленин жоктугунан азап тартабыз. Эрежелерди тез-тез алмаштырабыз. Балдар, улуулар алардан эмне каалап жатканын түшүнбөй, аларга жөн салды мамиле кылып калышат. Муну түшүнүү оңой, себеби инсандын маанилүү негизги керектөөлөрүнүн бири – курчап турган дүйнөнүн туруктуулугу жана тартипке салынганы, жүрүш-турушу менен баалоодо так ориентирлердин болушу. Ата-энелер болсо өздү туталанып турушат. Балдары менен мамиле кылууда кескин эмоциялык өзгөрүүлөргө жол беришет: жазалоо, ый. Урушуудан эркелетүү, элжирөөгө чейин. Бул дагы ата-эненин таасирин жоготууга алып келет.[2;115]

Баланы жазалоодо кызуулукка алдырбоо керек. Кол көтөрүү - баланы тарбиялоонун эң туура эмес жолу. Ата-энесинен таяк жеп чоңойгон бала чечкинсиз, жалтак болуп калат. Мындай сапаттардын азыркы заман үчүн таптакыр эле кереги жок. Андыктан, жазалоонун жумшагыраак, адилеттүү жолун тандап алуу керек.

Ата-энелерди уятка калтыра турган уруп-согууну, баланы жазалоого колдонбош үчүн дайыма балдардын оюнуна, сабагына, айланасындагы достору менен жолдошторуна, алардын оюн-шоогуна ж. б. абдан жакшы көз салуу зарыл.

Балдардын тартипти бузушунун бардык түрүндө: адамдар менен болгон катнашында, сабакта, тапшырманы жана милдеттенмени аткарууда, анын мүнөзүн көрүп туруп, күнөөлүүлөр өз катасын өзү жоюуга аракеттендиби же кимге каршы тентектик кылса, андан кечирим сурадыбы, ошону ата-энелер байкап туруулары керек. Бул учурда ата-эненин милдети төмөндөгүлөр:

- күнөөлүүгө болушпоо;
- биздин турмушта мындай жүрүш-турушка жол жок экендигин ага далилдеп көрсөтүү;
- бул жүрүш-турушту талдоо;
- кетирген катаны оңдоонун зарылдыгын балага ишендирүү

Окуяны талдоо менен ата-энелер дайыма аны оңдоонун мүмкүн болгон жолун табышат. Ата-эненин айтканын аткаруу (айрым текшерүүдө) жана баланын аны аткаруу жөнүндөгү отчету көпчүлүк учурларда күнөөлүүгө анын жүрүш-турушун өзгөртүүгө коюлган чара болот. Биздин түрткүбүз боюнча жүрүш-турушту тандоо, ага биздин көзүбүзчө болгон окуяга кайрылып көрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Ошентип ал өзүнүн тентектигин же кандайдыр бир мүмкүн болбогон тартип бузуусун көрөт. Ал эми ал тентектикти жана балдар менен урушуп же күнөө жасап жаткан мезгилде аны ойлогон эмес. Өткөн окуя жөнүндөгү биздин талдообуз болуп жаткан учурда ал өзүн адептүүлүк жактан ыңгайсыз сезип, өзүн кандай абалга алып келип таштаганын көрөт, уят болгонун билет, ичинде өзүнүн кылык-жоругу үчүн кыжырланат, өзүн-өзү элестетип көрөт. Балдар үчүн эң оор мезгил болуп анын кылык-жоругу үчүн сар-санаа тартып, жоопкерчиликти алып жүрүүгө көнбөгөн, эл алдында кечирим суроого туура келген убагы эсептелет. Биз ата-энелер буларды билип туруп, уулубузга же кызыбызга таасир этүүгө сөзсүз мүмкүнчүлүк табышыбыз керек. Алар жолдошубу же улуу адамдарданбы, же кошунасыбы, же мектептеги мугалимиби, же кимдир башка бирөөбү, жыйынтыктап айтканда кимдин алдында өзүлөрүн ыңгайсыз сезип күнөө жасашса, ошондон бардык күчтөрүн жыйнап ыңгайсыздык жана уят болуу абалын жоюп, кечирим суроого тийиш. Улуулардын бул талабын аткаруунун өзү күнөөлүү үчүн чоң “жазалоо” болот. [5;131]

Бурчка тургузуу же бир жолку киного жибербей коюу, ал үчүн кечирим суроого караганда эч нерсеге турбасын түздөн-түз айтууга болот. Мында буйрук берип кечирим суроо болбогон иш экендигин эстен чыгарбоо керек. Эгер адам өзүнүн кылык-жоругунун туура эмес экендигине көзү жетип кечирим сураса, анда бул кечиримдин тарбиялык мааниси зор. Демек, бала өзүнүн жаңылыштыгы үчүн кечирим сурап үйрөнбөсө, анда ага тартипти бузган жерде дал ушунун керектигин түшүндүрүү керек. Бул анын турмушундагы ага терең психологиялык таасир берип, толкундата турган учур. Ал өзүнүн күнөөлүү экендигин билет жана ал кечирим сурай турган адам, ага ачууланат деп ойлойт. Ошентип, бала мамилени жөнгө салат. Кечирим сурап, күнөөсүнөн арылып же азайып калгандан кийин ал өзүн жеңил сезип калат. Бирок бул учурду ал көпкө эстеп жүрөт жана аны унуткусу келет. Демек, өз жүрүш-турушу менен иштеген иште абайлоо керек. Ошентип адамдын жоопкерчилиги пайда болот. Кийин ал чоңоюп калганда, кечирим суроо менен адамдык сыймыгын коргогондугун түшүнөт.
Бул учурдагы баланын кайгы тартуусу жазага тең келе алабы? Ооба, ал үчүн бул жазалоо болду. Анын жаны ачыды. Бирок ал аны моралдык жоопкерчиликтин жана тазалыктын жогорку тепкичине көтөрдү. Мындай учурларда балдар улуулар тараптан моралдык көтөрмөлөө жана кеңеш керек болорун билүү зарыл. Эгер ал энесинин алдында күнөөлүү болсо, анда атасы аны менен сүйлөшүп, энесинен кечирим суратуу керек. Ал эми атасына күнөө жасаса, ал ишти энеси аткарганы жакшы. Эгер экөөнүн алдында тең күнөөлүү болсо, анда үй-бүлөдөгү улуу балдар же чоң энеси, же чоң атасы айтканы оң. Бирок аны жалгыз таштап, андан талап кылып күтүп отуруу жарабайт. Анда балада бардыгы өзүнөн өзү акырындап унутулат деген ой туулат. Ошентип ал эч нерсе болбогондой, жазасыз калат. Анын тентектиги бара-бара хулигандыкка жетет. Мунун баары бул курактагы балдардын үй-бүлөдө туура эмес тартипте болгондугуна байланыштуу.

Балдарды жазалоо, ата-энелердин оюу боюнча «Кандай кааласам, ошондой жасайм. Менин баламда кимдин кандай иши бар!» деген ойлор болушу мүмкүн эмес. Педагогикалык жактан алып караганда балага моралдык же денесине зыян келтирбегендей жазалоо - анын жүрүш-турушун оңдоого жардам берет. Ушул жагынан анын тарбиялык мааниси бар.
Кыргыздын элдик педагогикасынын даректерине караганда биздин ата-бабаларыбыз үй-бүлөдө бала тарбиялоодо жазалоону өз практикасында көп пайдаланган эмес. Эл камын ойлогон, намыс-ариеттүү, айкөл жоомарт инсан адамдык беделин түшүрбөй, кемсинтпей, баланы тең ата кылып чоңойткон үй-бүлөдөн гана чыгаарын эл акыл калчап түшүнгөн. Мындай шартта чоңойгон бала бири-бирине ызырынып, кыйкырып-өкүрүп мамиле кылышкан башка бир үй–бүлөнү көрсө адегенде өтө таң калат. Анткени адам өз табияты боюнча катаал, мыкаачы эмес. Аны өз табиятына мунасип уюштурулбаган тарбия ошондой кылып коёт. [3;42]
Жазалоо дайыма чынында тартипти бузуунун өзүнөн келип чыгат. Балдардын жана ата-эненин адамдык сыймыгын жок кылуучу орой жазалоо болбогон үй-бүлөдө гана балдар эң бактылуу турмушта чоңоюшат.

Колдонулган адабияттар:

1. Алимбеков, А "Кыргыз эл педагогикасындагы адеп тарбиясы" Бишкек-2018
2. Борочоров Ж., Раимбекова А. "Аалмдашуу доорундагы үй-бүлө" Бишкек-2013
3. Бекембай Апыш, Т.Козукулов "Тарбия назарияты" Ош-1996
4. Жусуп Баласагын "Куттуу билим" Бишкек-2017
5. К. Калмырзаева "Үй-бүлөдө балдарды адептүүлүккө тарбиялоо" Ф.1974.
6. Ушинский, К.Д., Избранные педагогические сочинения Таллин: Эстгосиздат- 1987